**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Бактыгул Макушовна Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Бектен Мидинович Сабырбековдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасына даттануу жөнүндө

## ТОКТОМУ

2022-жылдын 20-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Өскөнбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А. Дүйшеев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиева, К.Ж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Б.М. Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Б.М. Сабырбековдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту Б.М. Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Б.М. Сабырбековдун өтүнүчү боюнча арызда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды карап чыгып,

## ТАПТЫ:

2022-жылдын 13-апрелинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Б.М.Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Б.М. Сабырбековдон Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 335-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнүн, "Күрөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 60, 61-беренелеринин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 15-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнө, 45-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүч келип түшкөн.

Арыз ээсинин кайрылуусунан жана ага тиркелген материалдардан көрүнүп тургандай, 2011-жылы Б.М. Эсеналиева аттуу жаран Б.А. Өмүралиевага он миң АКШ доллары өлчөмүндө сумманы займды камсыз кылуу өтүнүчү менен, жана ал сумманы 3 айдын ичинде кошуп эсептелген үстөк пайызы менен төлөп берүүнү убада кылып кайрылып, үйүн күрөөгө койдурган.

Б.М. Эсеналиева макул болуп, 2011-жылдын 18-августунда жаран У.Т. Сулайманов менен кредиттик келишим жана күрөө келишимин түзгөн. Ошол эле учурда каражат Б.А. Өмүралиева тарабынан толугу менен алынган, кийин ал Б.М. Эсеналиевага займды жабуу боюнча берген убадасын аткарган эмес. Өз кезегинде У.Т. Сулайманов карызды соттук тартипте өндүрүп алуу боюнча күрөө жөнүндөгү келишимдин негизинде күрөөгө коюлган үйүн жаран Н.М. Эсентуровага сатып жиберген. Натыйжада, Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун 2012-жылдын 5-июлундагы чечими менен Б.М. Есеналиева апасы жана жашы жете элек уулу менен аталган үйдөн чыгарылган.

Б.М. Эсеналиева 2014-жылдын 13-майында займ жөнүндө келишимди, Б.М. Эсеналиева жана У.Т. Сулайманов ортосундагы 2011-жылдын 18-августундагы күрөө келишимин, У.Т. Сулайманов жана Н.М Эсентурова ортосундагы 2012-жылдын 18-майындагы үйдү сатуу келишимин жараксыз деп табуу боюнча доо арыз менен кайрылган.

Арыз ээси андан ары жогорудагы иш боюнча каралып жаткан соттук териштирүүнү кеңири баяндап берди.

Кайрылуу субъектинин пикири боюнча, талашылып жаткан ченемдер жарандардын мүлкүн соттон тышкары алып коюуга жол берүү менен анын менчикке болгон конституциялык укугун жана турак-жай укугун бузат. Көз карашынын негизи катары Конституциянын 15-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн, 45-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн келтирет.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, арыз ээси талашылып жаткан ченемдерди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасы менен Б.М. Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Б.М. Сабырбековдун кайрылуунун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Аныктамада Конституциянын 97-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык ар бир адам мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун, эгерде алар Негизги Мыйзам тарабынан таанылган укуктарын жана эркиндиктерин бузду деп эсептесе, талашууга укуктуу экени белгиленген.

Ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясы боюнча алардын конституциялык эместиги жөнүндө маселени коюу алардын конституциялуулугунан шек туудурган юридикалык мүнөздөгү ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн болот.

Судьялар коллегиясы “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктунун талаптарына ылайык даттанууда арыз ээсинин көрсөтүлгөн маселе боюнча позициясы жана Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме берүү менен анын укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш экендигин белгиледи. Ошол эле учурда талашылып жаткан ченемди жөнгө салуу объекти менен конституциялык жобонун ортосунда ажырагыс системалык байланыш байкалууга тийиш.

Бул талап арыз ээсинин жүйөлөрү фактылык эмес, укуктук мүнөзгө ээ болуп, конституциялык жоболор менен системалуу байланышта турат жана талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасиринин конституциялуулугунда ачык шек жаратышы керек дегенди билдирет.

Бирок, судьялар коллегиясы белгилегендей, келтирилген кайрылууда арыз ээси талашылып жаткан ченемдердин Конституцияга ылайык келүүсүндө күмөндүүлүктү көрсөткөн юридикалык мүнөздөгү аргументтер менен өз позициясын негиздеген эмес, ал ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароонун ажырагыс шарты. Кайрылуу субъектинин талаптары укук колдонуу практикасына тиешелүү жүйөлөр менен гана бекемделет жана иштин иш жүзүндөгү жагдайларын иликтөөнү талап кылат, тиешелүүлүгүнө жараша алардын чечилиши жалпы инстанциядагы соттордун компетенциясына кирет.

Ошону менен бирге, судьялар коллегиясы “Күрөө жөнүндө” Мыйзамдын 62-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, эгерде күрөөгө коюлган мүлк мыйзамдарда белгиленген тартипте күрөө жүйөсү өндүрүп алуу учуруна карата жеке адамдын менчик укугуна тиешелүү жалгыз турак жайы болуп саналса, ушул Мыйзамдын 42-1-статьясында каралган учурларды кошпогондо, күрөөнүн жүйөсүн өндүрүп алууга соттун чечими боюнча гана жол берилет.

Ошентип, арыз ээсинин кайрылууда келтирилген жүйөлөрү «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын мыйзамдары ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароо үчүн негиз болууга тийиш жана талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугуна шек келтирген жагдайлар катары каралышы мүмкүн эмес.

Б.М. Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Б.М. Сабырбеков судьялар коллегиясынын чечимине макул болбостон, 2022-жылдын 18-

августунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыз ээлери судьялар коллегиясынын алардын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусун негизсиз жана төмөнкү негиздер боюнча жокко чыгарылууга жатат деп эсептешет.

Б.М. Сабырбеков жана Б.М. Эсеналиева өздөрүнүн даттануусунда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинде белгиленген даттанууга карата бардык жалпы талаптарды сактаганын, ошондой эле талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугунан күмөн жараткан ынанымдуу юридикалык жүйөлөрдү келтиришкен деп көрсөтүшүүдө.

Ошону менен бирге, даттануунун авторлору Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна арыз жазууда Конституциялык соттун расмий сайтында жайгашкан өтүнүчтүн үлгүсүн жетекчиликке алып, анда белгиленген бардык талаптарды аткарганын белгилешет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде Б.М. Сабырбеков жана Б.М. Эсеналиева судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасын жокко чыгарууну жана алардын арызын конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алууну суранышат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын арызды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун себептерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянакка келет.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу маселеси боюнча чечими таза процесстик мүнөздө болот. Ушуга байланыштуу Конституциялык сот мындай аныктаманы кайрылууда келтирилген жүйөлөрдүн жана талаптардын, ошондой эле анын корутундусун жокко чыгарган жүйөлөрдүн чегинде гана кароо үчүн судьялар коллегиянын тыянактарына укуктук баа берет.

Конституциялык сот адилеттигинин жогорку жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуучу Негизги Мыйзам, ошого карабастан, алардын чектерин белгилеп,

жеке жана юридикалык жактардын мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун текшерүү өтүнүчү менен Конституциялык сотко кайрылууга укуктуу болгон шарттарды аныктайт. Демек, Конституциянын экинчи бөлүмүндө каралган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери бузулган же бузулушу мүмкүн болсо гана адамдар Конституциялык сотко кайрылууга укуктуу.

Ушуга байланыштуу “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда кайрылуунун формасына жана мазмунуна карата жалпы талаптар каралган. Бул талаптардын бири болуп арыз ээсинин ал койгон маселе боюнча позициясынын болушу жана анын Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме берүү менен укуктук негиздемеси саналат (27-берененин 4-бөлүгүнүн 9-пункту).

Ошентип, арыз ээси талашып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасири Конституция тарабынан кепилденген адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин кантип бузуп жатканын түздөн-түз көрсөтүү менен өзүнүн талаптарын укуктук мүнөздөгү аргументтер менен негиздөөгө милдеттүү. Анын үстүнө талашылып жаткан ченем менен Конституциянын системалык байланышы сөзсүз болушу керек.

Арыз ээлери өздөрүнүн даттануусунда мурунку кайрылуусу боюнча жаңы жүйөлөрдү, ошондой эле судьялар коллегиясынын тыянактарды жокко чыгаруучу жана даттанылып жаткан аныктаманы жокко чыгарууга алып келген укуктук негиздерди келтиришпейт.

Арыз ээлеринин даттануудагы жүйөлөрү дагы эле укук колдонуу практикасы менен байланышкан көйгөйлөрдү күбөлөндүрөт жана талашылып жаткан ченемдердин Конституцияга шайкештиги жөнүндө маселеде белгисиздиктин бар экендигин көрсөткөн укуктук жүйө катары каралышы мүмкүн эмес.

Белгилей кетсек, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун соттон тышкаркы усулдары жана ыкмалары мурда конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети болгон. Алсак, соттук коргоого

укуктун конституциялык негиздеринин мазмунун ачып берүү менен конституциялык сот адилеттигинин органы белгилүү бир укуктук позицияны билдирген. Талаш-тартыштын тараптары аны бейтарап соттун кароосуна өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууну арбитраждык (бейтарап) эскертме түрүндө түзүп жатып жана аны менен келишим эркиндигин ишке ашырып, мамлекеттик сот тарабынан иштин каралышына барбастан талаш-тартышты бейтарап териштирүү аркылуу чечүүгө укуктуу. Ар кимдин бейтарап сот тарабынан ишти каратуу укугунан мындай баш тартуусу мажбурлоосуз жүргүзүлгөн шартта, ал анын соттук коргонуу конституциялык укугун бузбайт (2019-жылдын 30-октябрындагы Чечим).

Мындан тышкары, 2015-жылдын 9-декабрындагы Чечимде мындай жалпы таанылган азыркы укуктук коомдо келишим эркиндигинен, жарандык укуктун диспозитивдик принциптеринен жана жарандык процесстик мамилелерден келип чыккан жарандык талаштарды чечүү ыкмаларынын бири болуп бейтарап сотко кайрылуу саналат. Тараптардын жарандык-укуктук талашты бейтарап соттун кароосуна берүү укугу азыркы Конституциянын 41-беренесинин ченемине да негизделет, ага ылайык ар бир адам экономикалык эркиндикке, өзүнүн жөндөмүн жана мүлкүн мыйзам тарабынан тыюу салынбаган ар кандай экономикалык иш үчүн эркин пайдаланууга укуктуу.

Жарандык-укуктук мамилелердин катышуучуларынын тең укуктуулугун, эрктин өз алдынчалыгын жана мүлктүк көз карандысыздыгын, жеке иштерге кимдир бирөөнүн өзүм билемдик менен кийлигишүүсүнө жол бербөөнү болжолдоочу менчиктин кол тийбестигинин жана келишим эркиндигинин конституциялык принциптери мүлккө ээлик кылуу, аны пайдалануу жана тескөө эркиндигин аныктайт.

Ушуга байланыштуу кыймылсыз мүлктүн ээси келишимдин маанисинен жана мазмунунан келип чыккан, мыйзамда каралган же анда каралбаган жарандык-укуктук милдеттенмелер боюнча өзү үчүн белгиленген бардык мүмкүн болуучу кесепеттер үчүн жоопкерчилик тартат (келишимдин эркиндигинин принциби). Жарандык милдеттенмелерди аткарбоо мыйзамда

белгиленген жарандык жоопкерчиликке алып келет, ага кредитордун пайдасына менчик ээсинин мүлкүн мажбурлап алып коюу кирет. Менчик ээсинин милдеттенмелери боюнча өндүрүп алуу жолу менен мүлктү, анын ичинде турак жайды камакка алуу мыйзамда каралган мүлккө менчик укугунун токтотулушу болуп саналат.

Ошентип, Конституция жарандык-укуктук мамилелерден келип чыгуучу жеке адамдардын ортосундагы жарандык-укуктук талаштарды чечүүгө адистешкен бейтарап соттор тарабынан чечүү мүмкүнчүлүгүнө жол ачат, алардын ыйгарым укуктары, түзүлүшүнүн тартиби жана ишмердүүлүгү мыйзам тарабынан аныкталат, алар коомдук маанилүү функциялар бар жарандык коомдун институттары катары иш алып барат.

Демек, мурда түзүлгөн келишимге ылайык күрөө кармоочунун талаптарын соттон тышкаркы тартипте канааттандырууну мүлктөн өзүм билемдик менен ажыратуу катары кароого болбойт.

Жарандык мыйзамдардын талашылып жаткан ченемдерине ылайык колдонуудагы мыйзам ченемдеринде күрөөгө коюлган мүлккө даттануунун соттон тышкаркы формаларынын «өзүм билемдик» сыяктуу көрүнгөндүгү жөнүндө арыз ээлеринин жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугуна шек келтирүүчү негиз боло албайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бактыгул Макушовна Есеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Бектен Мидинович Сабырбековдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул чечим акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**